**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 13.23.675 диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда
**УДК 373.31**

**КУРМАНАЛИЕВА РАХАТ АКБАЛАЕВНА**

# КЕСИПТИК КОЛЛЕДЖДЕ БОЛОЧОК МУГАЛИМДЕРДИН АДЕП-АХЛАКТЫК САПАТТАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ (ДҮЙНӨЛҮК АДАБИЯТ САБАГЫНЫН МИСАЛЫНДА)

13.00.08 - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Илимий жетекчи: педагогика илимдеринин доктору,профессор, Раимкулова А.С.

**Бишкек – 2025**

Диссертациялык иш Эл аралык Кувейт университетинин педагогика жана колдонмо информатика кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчиси:** Раимкулова Ажар Супуровна, педагогика илимдеринин доктору Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин педагогика кафедрасынын профессору

**Расмий оппоненттер:**

**Жетектөөчү мекеме:**

Диссертациялык ишти коргоо 2025-жылдын "___" __________ саат __:__дө И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча уюштурулган Д 13.23.675 диссертациялык кеңештин отурумунда өтөт. Дареги: 720026, Бишкек ш., И. Раззаков көч., 51. Онлайн трансляциялоонун идентификациялык коду:

Диссертация менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (720026, Бишкек ш., И. Раззаков көч., 51) жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш., Фрунзе көч., 547) илимий китепканаларынан жана http://vak.kg/ сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2025-жылдын "___" __________ таркатылды.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу
катчысы, педагогика илимдеринин
доктору, доцент А. К. Чалданбаева

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

1. **Изилдөө темасынын актуалдуулугу** учурдагы орто кесиптик билим берүү системасын өркүндөтүү зарылчыгы адеп-ахлактык тарбиянын маанисинин өсүшү менен тыгыз байланышта. Кыргызстанда кесиптик билим билим берүүнү өнүктүрүү боюнча азыркы жылдарда кабыл алынган өкмөттүк документтер заманбап коомдо кесипкөй адистердин руханий-моралдык баалуулуктарына өзгөчө көңүл бурууну талап кылууда. 2018-2040 жылдарга карата Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында ошондой эле "Инсанды руханий-адептик жактан өнүктүрүү жана дене тарбиясы" Кырыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021жылы бекитилген токтомунда ар бир адамга тиешелүү баалуулуктарды калыптандыруу талабы эске алынат.

Азыркы коомдун өсуп өнүгүүсүнө карата болгон глобалдаштыруу көз караштар, ошону менен бирге пайда болгон маданий-гуманитардык кризистер – булардын негизинде жалпы кесиптик билим берүү системасын ошону менен орто кесиптик билим берүү системасын өркүндөтүүгө багытталган: гумандаштыруу, гуманитарлаштыруу, санариптештирүү тенденцияларды эске алуунун зарылчыгы – болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын заманбап талаптарга шайкеш кылып калыптандыруу көйгөйүнүн чечилишинин актуалдулуугун даңазалайт.

**Болочок** мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу көйгөйү, анын кесиптик компетенттүүлүгүнө таасир этилиши КРнын орто кесиптик билим берүү стандартында белгиленген, ушуга карата эртеңки кесипкөй мугалим – азыркы эмгек рыногуна керектүү жана заманбап талаптарга шайкеш келген гумандулук, жоопкерчилик, париоттуулук, ак ниеттүүлүк, адилеттүүлүк, чынчылдык, толеранттуулук, социалдык активдуулук ж.б.у.с. адеп- ахлактык сапаттарга ээ болушун талаптанат.

Изилдөө темасынын ушул жана жогоруда белгиленген башка жагдайлар азыркы учурдагы билим берүү саясатынын алкагында өзгөчө актуалдуу кылууда.

**Маселенин изилдениш деңгээли**. Маселенин илимий-теориялык жактан изилдениши ар кыл багыттагы педагогикалык жана философиялык концепциялар менен негизделген. Адеп-ахлактык тарбия маселеси тарыхый жактан бери эле илимий чөйрөдө актуалдуу тема болуп келген. Педагогика тарыхында К.Д. Ушинский, А.С. Макаренко, В.А. Сухомлинский сыяктуу классиктер адам тарбиясында моралдык принциптердин маанисине өзгөчө көңүл бурушкан. Алардын идеялары замандын талабына ылайык өнүгүп, учурдагы педагогикалык илимде заманбап формада өнүктүрүлүүдө. Мунун негизинде адамдын адеп-ахлактык сапаттарынын калыптанышы – жалпы тарбия процессинин ажырагыс бөлүгү катары каралууда.

Адам баласынын инсандык, адеп-ахлактык жактан өнүгүүсүн калыптандыруу маселеси илгертен бери көптөгөн илимпоздор тарабынан изилденип, ар түрдүү аспектилери тереңдетилген.

Инсандын адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу, ошону менен бирге болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун ар түрдүү аспектилердин контекстинде изилдеген окумуштуулар: А.Ачилов, Ч.Т. Джаркинбаева, Е.А.Дмитриева, Н.И.Джегутанова, Л.П.Илларионова, С.В. Кононова, А.С. Раимкулова, Ш.Э.Тураева, Ф.Д.Товарищева, Л.Л.Шевцова ж.б.

Кыргызстанда болочок мугалимди кесиптик компентенттүүлүгүн калыптандыруу, руханий-адептик дөөлөттөрүн өнүктүрүү, жогорку окуу жайдын системасында болочок адисти даярдоо маселесин карап, окуу-тарбия процесстерин оптималдаштыруу боюнча өз салымын кошкон изилдөөчүлөр: Н.А.Асипова, И.Б. Бекбоев, Д.Б.Бабаев, Н.Д. Дуйшеева, Э.М.Мамбетакунов, Т.М. Сияев, М.Ж.Чоров, А.К.Чалданбаева ж.б.

Ошол эле учурда, кесиптик колледждердеги адеп-ахлактык тарбия маселеси боюнча атайын системалуу изилдөөлөрдүн саны чектелүү экени байкалат. Айрыкча билим берүү аймагында гумандаштыруу, гуманитарлаштыруу, санариптештирүү тенденцияларды өз салымынын маанисин актуалдаштырып жаткан мезгилинде орто кесиптик окуу жайында

«Дүйнөлүк адабият» сабагынын негизинде болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу, илимий-методикалык изилдөөлөрдү терендетүү, жаңы методикалык моделдерди иштеп чыгуу, алардын натыйжалуулугун практикада далилдөө зарылдыгы келип чыгат. Маселенин изилдениш деңгээли аны мындан ары изилдөө жана ишке ашыруу үчүн чоң мүмкүнчүлүктөрдү жана актуалдуулукту шарттап турат.
Жогоруда баяндалгандардын негизинде, кесиптик колледждер билим берүү системасында болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда маанилүү тарбиялык чөйрө катары өзгөчө орунду ээлей тургандыгы белгилүү болду. Ошол эле учурда жүргүзүлгөн изилдөөлөр аталган тармакта төмөнкүдөй ички карама-каршылыктардын бар экенин ачыктады:
Болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруудагы көйгөйлөрдү изилдөөдө бир катар карама-каршылыктарды тактоого мүмкүндүк берди:
азыркы коомдогу динамикалык өзгөрүүлөргө байланыштыруу гумандуулук идеяларын актуалдаштыруучу адам факторунун жогорулашы менен болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарынын калыптануусунун ортосунда;
кесиптик орто билим берүү системасында позитивдүү тенденцияларды өркүндөтүүдө мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарына талаптардын жогорулашы менен изилденүүчү адеп- ахлактык категориялардын практикалык жактан камсыз кылуу илимий-теориялык жана усулдук базанын жетишсиздигинин ортосунда.
студенттердин коомдогу талаптанган адеп-ахлактык жактан баалуулуктарды өздөштүрүүдө жогорку деңгээлдеги интеллектуалдык-психологиялык даярдыгына болгон муктаждык менен аларды калыптандыруу үчүн түзүлгөн педагогикалык шарттардын ортосундагы карама-каршылык.

Бул карама-каршылыктар адеп-ахлактык тарбия процессин жаңычыл ыкмалар аркылуу өнүктүрүү зарылдыгын көрсөтөт жана ушул багытта жүргүзүлүп жаткан изилдөөнүн актуалдуулугун тастыктайт. Жогоруда белгиленген карама-каршылыктардын негизинде «Кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу (дүйнөлүк адабият сабагынын мисалында)» багытында илимий негизделген педагогикалык шарттарды, методикалык ыкмаларды жана мазмундук-процессуалдык аспектилерди аныктоо зарылдыгы келип чыкты. Бул проблема – адеп-ахлактык баалуулуктарды калыптандыруу маселесин дүйнөлүк адабияттын тарбиялык потенциалы аркылуу натыйжалуу ишке ашыруунун теориялык жана практикалык жолдорун изилдөөнү талап кылгандыгы менен мүнөздөлөт. Натыйжада, коюлган көйгөйдү чечүү зарылдыгы биздин «Кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу (дүйнөлүк адабият сабагынын мисалында)» аттуу диссертациялык изилдөөнүн темасын тактап аныктоого өбөлгө түздү.
Диссертациянын темасынын тематикалык изилдөө пландары менен байланышы. Диссертациялык изилдөө Эл аралык Кувейт университетинин Педагогика жана колдонмо информатика кафедрасынын илимий изилдөө иштерине байланыштуу аткарылган. Диссертациянын темасы билим берүү системасындагы үзгүлтүксүздүктү камсыз кылуу жана адистерди даярдоонун сапатын жогорулатуу маселелерин чечүүгө багытталгандыгы менен илимий жана практикалык мааниге ээ. Бул изилдөө Эл аралык Кувейт университетинде 2020-жылдан бери жүргүзүлүп келе жаткан «Жогорку окуу жайы менен колледждин ортосундагы байланышты өнүктүрүүнүн илимий жолдору» аттуу теманын алкагында жүргүзүлүп жаткан иштер менен тыгыз байланышта. Аталган диссертациялык изилдөө аталган илимий теманын концептуалдык багыттарына шайкеш келип, билим берүү мекемелеринин ортосундагы үзгүлтүксүз методикалык, мазмундук жана тарбиялык интеграцияны камсыздоого багытталган теоретикалык жана практикалык багыттарды өркүндөтүүгө салым кошот.
Изилдөөнүн максаты – кесиптик колледждерде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктап, анын эффективдүү ишке ашырылышы үчүн илимий негиздерди иштеп чыгуу.

Изилдөөнүн милдеттери:
1. Кесиптик колледждерде студенттердин болочок мугалим катары адеп-ахлактык сапатарын калыптандыруунун теоретикалык негиздерин изилдөө.
2. Заманбап кесиптик колледждердин билим берүү процессиндеги адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун моделин иштеп чыгуу.
3. Болочок кесипкөй адистин адеп-ахлактык сапаттарын дуйнөлүк адабият окуу предметинин мисалында калыптандыруунун дидактикалык жана тарбиялык мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо.
4. Орто кесиптик колледждин студенттеринин адеп-ахлактык сапаттарын дүйнөлүк адабият окуу предметинин мисалында калыптандыруунун педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу жана эксперимент аркылуу текшерүү
Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык мааниси — болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу маселеси биринчи жолу «Дүйнөлүк адабият» сабагынын мисалында комплекстүү түрдө изилденип, алардын инсандык-моралдык баалуулуктарын өнүктүрүүгө багытталган теориялык негиздер жана методикалык ыкмалар сунушталды. Изилдөөдө кесиптик колледж шартында адеп-ахлактык сапаттарды калыптандыруунун педагогикалык шарттары, мазмуну жана критерийлери аныкталып, бул багытка карата атайын теоретикалык модель түзүлдү. Ошондой эле студенттердин адеп- ахлактык сапаттарын калыптандырып, өркүндөтүүгө көмөкчү болгон педагогикалык шарттар эксперимент аркылуу текшерилип, негизделинди.
Изилдөөнүн практикалык мааниси – болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын «Дүйнөлүк адабият» сабагынын негизинде калыптандырууга багытталган методикалык сунуштардын, окуу-тарбиялык программалардын, практикалык колдонмолордун иштелип чыгышы менен шартталат. Бул изилдөөнүн жыйынтыктары педагогикалык колледждерде жана жогорку окуу жайларында адеп-ахлактык тарбияны өнүктүрүү максатында колдонулуп, окутуучуларга, методисттерге жана билим берүү адистерине адеп-ахлактык тарбиянын мазмунун тереңдетүүгө, ошондой эле окуу процессин гуманисттик жана баалуулукка негизделген багытта уюштурууга көмөк көрсөтөт. Иштелип чыккан методикалык моделдер билим берүү практикасына ийгиликтүү интеграцияланып, студенттердин нравалык деңгээлин жогорулатууга өбөлгө түзөт

Коргооого коюлуучу негизги жоболор:
Изилдөөнүн баштапкы жобосу компетенттик, инсандык-ишмердик, системалык-бүтүндүк, коммуникативдик мамилелерге негизделинди.
Ошону менен бирге:
- Кесиптик колледждерде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун теоретикалык негиздери изилденген
- Болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын “Дүйнөлүк адабият” окуу предметинин мисалында калыптандыруунун дидактикалык жана тарбиялык мүмкүнчүлүктөрүн аныкталды.
- Когнитивдик, мазмундулуук, рефлексивдүү-ишмердүүлүк компоненттер менен сунушталган, заманбап колледждердин билим берүү процессинде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун модели иштелип чыккан.
- Кесиптик колледждин студенттеринин адеп-ахлактык сапаттарын дүйнөлүк адабият окуу предметинин мисалында калыптандыруунун педагогикалык шарттары иштелди жана алардын эффективдүүлүгү эксперимент аркылуу апробацияланып, текшерилди.
Изилдөөчүнүн жеке салымы:
кесиптик колледждерде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын дуйнөлүк адабият окуу курсунун мисалында калыптандыруунун теориялык жоболору;
заманбап орто кесиптик билим берүү окуу жайдын студенттеринин адеп-ахлактык сапаттарын дуйнөлүк адабият окуу курсунун мисалында калыптандыруунун модели, педагогикалык шарттары;

болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын дүйнөлүк адабиятты окуу курсунун мисалында калыптандыруунун алгылыктуу санариптештирилген дидактикалык жана тарбиялык мүмкүнчүлүктөрү;
кесиптик колледждерде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын дуйнөлүк адабият окуу курсунун негизинде калыптандыруусун ишке ашыруу максатында «Заманбап мугалим жана анын адеп-ахлактык дүйнөсү» аттуу атайын окутуучу курсу, студенттерге сунушталган компьютер технологиясы жана интерактивдүү тактай менен иштей турган окуу иштелмелери.
Изилдөөнүн жыйынтыгын апробациялоо. Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары жана теориялык-практикалык жоболору төмөнкү деңгээлдерде апробациядан өткөрүлдү: илимий-методикалык жыйындарда, тегерек столдордо, семинарларда жана педагогикалык тажрыйба алмашуу аянтчаларында. Атап айтканда, Эл аралык Кувейт университетинин кесиптик орто билим билим берүү бөлүмүндө, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин гуманитардык колледжинде, Кыргыз улуттук университетинин кесиптик колледжинде окутуучулар жана студенттери катышкан илимий-практикалык иш-чараларда диссертациянын жыйынтыктары талкууга алынып, оң пикирлерге ээ болгон. Мындан тышкары, изилдөөнүн негизинде иштелип чыккан "Адабиятты санариптештирип окутуу" методикалык колдонмо пилоттук негизде колледжде киргизилип, экспериментке чейинки жана кийинки көрсөткүчтөрдүн негизинде өзүнүн жогорку натыйжалуулугун көрсөттү. Алынган практикалык материалдар педагогикалык кадрларды даярдоодо колдонууга сунушталды.
Изилдөөнүн жыйынтыгын жарыялоонун толук чагылдырылышы. Изилдөөнүн мазмунуна байланыштуу 7 илимий макала жарыяланган, анын ичинен 1 макала Россиядан жарык көргөн, 4 макала чыгуу иретинде (1 макала Scopus системасына кабыл алынган)
Диссертациянын структурасы. Диссертациянын түзүмү киришүүдөн, үч негизги бөлүмдөн, корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Илимий эмгектин жалпы көлөмү 131 беттен турган компьютердик терилген текстти түзөт жана ал 140 наамдагы илимий жана методикалык булактарды камтыйт.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө изилдөөнүн актуалдуулугу, максаты, милдеттери, илимий жаңылыгы, теориялык жана практикалык баалуулугу, коргоого коюлуучу негизги жоболор, изденүүчүнүн жеке салымы, диссертациялык иштин түзүлүшү боюнча маалыматтар берилген.
Биринчи бөлүм “Кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык компетенттүүлүгүн дүйнөлүк адабияттын негизинде калыптандыруунун теориялык негиздери” деп аталып кесиптик колледждеги болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун теориялык негиздери комплекстүү түрдө талданды. Бул контекстте «адеп-ахлактык сапат» түшүнүгүнүн мазмуну, анын структуралык компоненттери жана билим берүү процессиндеги ролу илимий-теориялык жактан негизделди. Ошондой эле, дүйнөлүк жана улуттук илимий-педагогикалык изилдөөлөргө таянып, болочок мугалимдин инсандык-адептик маданиятынын калыптанышынын мыйзамченемдүүлүктөрү жана шарттары такталды. Адеп-ахлактык тарбия берүүдө дүйнөлүк адабиятты окутуунун потенциалына өзгөчө көңүл бурулуп, бул сабактын тарбиялык мүмкүнчүлүктөрү тереңдетилип көрсөтүлгөн. Бөлүмдө болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын өнүктүрүүдө маанилүү болгон максаттар, милдеттер, принциптер жана таасир этүүчү факторлор аныкталып, аларга таянган теориялык модель иштелип чыкты.
XXI кылымдагы глобалдык социалдык-экономикалык жана илимий-техникалык өзгөрүүлөр жалпы адамзаттык баалуулуктарга болгон мамилени кайра карап чыгууга түрткү берди. Мындай шартта мугалимдик кесипке болгон талаптар да өзгөрүп, билим берүү системасы адамдын руханий жана адеп-ахлактык өнүгүүсүнө багытталган жаңы

педагогикалык парадигмаларга өтүүдө. Ошондуктан, болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу – алардын кесиптик даярдыгынын сапаттык көрсөткүчү катары каралууда. Бул тармактагы илимий изилдөөлөрдө (Н.В. Левченко,В.А. Слободчиков, Ш.Е. Тураева, Л.Л. Щевцова ж.б.) адеп-ахлактык баалуулуктарды өнүктүрүү — мугалимдин кесиптик өзүн-өзү актуалдаштыруу процессинде маанилүү ролду ойной тургандыгы баса белгиленген.

Компетенттүүлүккө негизделген мамиле — адеп-ахлактык сапаттарды калыптандыруунун маанилүү аспектиси катары илимий-методологиялык изилдөөлөрдө кеңири каралууда. Бул багытта С.В. Алексеев, Э.Ф. Зеер, И.А. Зимняя, Н.В. Кузьмина, , А.К. Маркова, Г.К. Селевко, Дж. Равен, А.В. Хуторской сыяктуу илимпоздордун эмгектери чоң салым кошкон. Кыргызстандык окумуштуулар — Н.А. Асипова, А.А. Алимбеков, Т. Ашымбаева, Д.Б. Бабаев, И.С. Болжурова, Э.М. Мамбетакунов, А.С. Раимкулова, Г.С. Султанбаева ж.б. — болочок педагогдун кесиптик компетенцияларын, анын ичинде адеп-ахлактык компетенттүүлүктү өнүктүрүүнүн концептуалдык негиздерин иштеп чыгышкан. Бул изилдөөлөрдө болочок мугалимдин инсандык жана кесиптик сапаттарынын гармониялуу байланышы өзгөчө мааниге ээ экени көрсөтүлөт.

Адеп-ахлактык сапаттар инсандын жүрүм-турум эрежелерин жана социалдык нормаларды аң-сезимдүү сактоого негизделген туруктуу ички мотивациясы катары түшүндүрүлөт. И.С. Марьенконун аныктамасында адеп-ахлактык — бул инсандын ажырагыс бөлүгү катары жүрүм-турумдун жалпы кабыл алынган нормаларын өз эрки менен сактоо жөндөмү катары сыпатталат. С.В. Кононова менен Ф.Д. Товарищеванын изилдөөлөрүндө адеп-ахлактык тарбиянын социалдык жана эмоционалдык багыттары, ошондой эле студенттин моралдык баалуулуктарды кабыл алуудагы ролу кеңири баяндалат.


Билим берүү системасынын гумандуу мүнөзгө өтүшү болочок мугалимдин адеп-ахлактык өнүгүүсүнө өзгөчө көңүл бурууну талап кылат. Бул процессте дүйнөлүк адабияттагы үлгүлүү образдарды колдонуу — студенттин моралдык аң-сезимин, руханий маданиятын жана инсандын адептик жүрүм-турум нормаларына болгон мамилесин тереңдетүүгө багытталган натыйжалуу курал катары каралат. Дүйнөлүк көркөм адабияттын негизинде жүргүзүлгөн адеп-ахлактык тарбия окутуучунун гана эмес, болочок мугалимдин кесиптик жана инсандык сапаттарын комплекстүү өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Болочок мугалим дүйнөлүк адабияттагы адеп-ахлактык проблемаларды талдоонун негизинде бир катар маанилүү компетенцияларга ээ болушу керек. Аларга, көркөм тексттеги моралдык дилеммаларды талдоо жана алар боюнча аргументтешген пикир билдирүү жөндөмдүүлүктөрү кирет. Ошондой эле, адабий каармандардын адеп-ахлактык сапаттарын салыштыруу жана баалоо, социалдык-маданий контексттерде этикалык маселелерди чечмелөө, критикалык жана аналитикалык ой жүгүртүү жөндөмүн өнүктүрүү сыяктуу компетенциялар да өзгөчө мааниге ээ.

Мындан тышкары, дүйнөлүк адабиятка негизделген адеп-ахлактык тарбия болочок мугалимдин практикалык жана коммуникативдик көндүмдөрүн да калыптандырат. Атап айтканда, көркөм чыгармалардагы каармандардын жүрүм-турум моделдерин этикалык аспекте талдоо, адеп-ахлактык маселелер боюнча дискуссияларга активдүү катышуу, кабыл алынган чечимдерде моралдык баалуулуктарды жетекчиликке алуу жөндөмдөрү өркүндөтүлөт. Ошондой эле, адабият аркылуу инсандык идеалдарды жана адеп-ахлактык принциптерди өздөштүрүү — болочок мугалимдин кесиптик инсандык портретинин ажырагыс бөлүгү катары калыптанат.

Бүгүнкү күндө билим берүү системасында болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу маселеси өзгөчө актуалдуулукка ээ. Өзгөчө кесиптик колледждерде жүрүп жаткан билим берүү процессинде бул сапаттар студенттердин кесиптик даярдыгынын ажырагыс бөлүгү катары каралып, алардын коомдогу социалдык жана маданий функцияларын туура аткаруусуна багытталган. Адеп-ахлактык компетенттүүлүк — бул мугалимдин жүрүм-турумуна, мамиле маданиятына, кесиптик жоопкерчилигине жана инсандык баалуулуктарына таасир этүүчү системалуу

сапаттардын жыйындысы. Бул компетенцияларды өнүктүрүү билим берүү процессинин мазмуну, методдору жана уюмдаштыруу формалары аркылуу системалуу негизде жүргүзүлүшү зарыл.
Кесиптик колледжде адеп-ахлактык компетенттүүлүктү калыптандыруу моделин түзүүдө Н.В. Кузьмина тарабынан сунушталган педагогикалык ишмердүүлүктү система жана структуралык-функционалдык мамиле негизинде түшүндүрүү концепциясы колдонулган. Бул модель билим берүү процессине моралдык принциптерди, этикалык нормаларды жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды интеграциялоону камтыйт. Моделдин негизги максаты — студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу аркылуу алардын кесиптик деңгээлин жогорулатуу, коом алдында жоопкерчиликти сезген, жогорку моралдык туруму бар адистерди даярдоо болуп саналат. Мындай модель болочок мугалимдерди социалдык жактан активдүү жана этикалык жактан туруктуу инсан катары тарбиялоонун натыйжалуу механизми катары каралат.1.3. Сүрөт.




Бол[...] адеп-ахл[...]тандыруу м[...]
Биз [...]риялык моде[...]н адеп-ахла[...]
дүйнөлүк адабият аркылуу калыптандыруунун максаттарын, милдеттерин, принциптерин, мазмундук-укуктук компоненттерин, методдорун жана натыйжалуулугун аныктоочу критерийлерди өз ичине алат.
Моделдин максаты – дүйнөлүк адабияттын чыгармалары аркылуу студенттерде адеп-ахлактык сапаттарды калыптандыруу процессинин мазмунун илимий жана методикалык жактан негиздеп, анын натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган окутуу чөйрөсүн түзүү.
Бул максатка жетүү төмөнкү милдеттердин ишке ашырылышы аркылуу камсыздалат:
Теориялык негиздерди аныктоо жана илимий-методикалык негиздерин изилдөө.

Дүйнөлүк адабияттын негизинде адеп-ахлактык билим берүүнүн натыйжалуу мазмунун иштеп чыгуу.
Методикалык камсыздоону өркүндөтүү – адеп-ахлактык тарбиялоонун инновациялык окутуу технологияларын жана методдорун иштеп чыгуу жана ишке ашыруу.
Практикалык компетенцияларды өнүктүрүү – студенттердин адеп-ахлактык баалуулуктарын практикада колдонууга мүмкүнчүлүк берүүчү шарттарды түзүү.
Окутуу процессин баалоо – адеп-ахлактык сапаттардын деңгээлин баалоо критерийлерин иштеп чыгуу жана үзгүлтүксүз көзөмөл жүргүзүү.
Маданий жана социалдык чөйрө менен байланыш түзүү – студенттердин адеп-ахлактык өнүгүүсүн колдоо максатында коомдук жана маданий чөйрө менен интеграцияны камсыз кылуу.
Үзгүлтүксүз өнүгүүнү камсыз кылуу – адеп-ахлактык компетенттүүлүктү өркүндөтүү үчүн билим берүү процессинде үзгүлтүксүз өнүгүү механизмдерин түзүү.
Моделди ишке ашырууда төмөнкү принциптер жетекчиликке алынат:
Гуманизм принциптери;
Ишмердүүлук принциби;
Маданият принциби;
Интеграциялоо принциби;
Көзкарандысыз ой жүгүртүү;
Индивидуалдуулук
Моделдин натыйжалуулугу студенттердин адеп-ахлактык сапаттарга болгон мамилесинин өзгөрүшү, дүйнөлүк адабияттагы нравалык баалуулуктарды аңдап-түшүнүү жана аларды жашоодо колдонуу жөндөмү аркылуу аныкталат.
Диссертациянын экинчи бөлүмү “Изилдөөнүн материалдары, методологиясы жана методдору” деп аталып изилдөөнүн материалдары жана методологиялык негиздери чагылдырылды. Бул изилдөөнүн объектиси катары кесиптик колледждердин билим берүү процесси алынган, анткени ал болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун реалдуу чөйрөсүн түзөт. Изилдөөнүн предмети катары болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу процесси тандалып алынып, анын мазмундук өзгөчөлүктөрү, уюштуруу формалары, методдору, принциптери жана калыптандыруу механизмдери илимий-педагогикалык негизде талданды. Бул процесстин теориялык жана практикалык аспектилери өз ара байланышта каралып, кесиптик билим берүү шартында моралдык-рухий баалуулуктарды калыптандыруунун шарттары жана факторлору аныкталды.
Изилдөөнүн концептуалдык багыты дүйнөлүк адабият сабагынын тарбиялык мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу аркылуу болочок мугалимдердин инсандык сапаттарына таасир этүүгө багытталган. "Дүйнөлүк адабият" сабагы бул изилдөөнүн негизги методологиялык базасы катары тандалып, анын мазмундук жана дидактикалык өзгөчөлүктөрү калыптандыруучу фактор катары талданды. Изилдөөнүн жүрүшүндө педагогикалык эксперименттер, анкеталоо, байкоо, мазмундук талдоо жана натыйжалуулук көрсөткүчтөрүн баалоо сыяктуу комплекстүү методдор колдонулду.
Методдор жана уюштуруу формалары. Изилдөөдө сапаттуу жана сандык маалыматтарды чогултуу жана талдоо максатында бир катар педагогикалык методдор колдонулду. Алардын катарында тестирлөө, рефлексия, интеграция, адептик кырдаалдарды түзүү, сахналаштыруу, талкуу, дил баян жазуу, портфолио түзүү, “мээге чабуу” ж.б. методдор өзгөчө орунга ээ. Бул методдор студенттердин руханий-адептик аң-сезимин калыптандырууга, билим берүү процессине активдүү катышуусуна, чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө жана моралдык-этикалык баалуулуктарды терең түшүнүүсүнө шарт түзөт. Адабият сабагындагы окутуунун инновациялык формалары катары Kahoot жана Quizizz платформаларын колдонуу, презентацияларды түзүү студенттердин сабакка кызыгуусун арттырып, интерактивдүү окуу чөйрөсүн түзүүгө мүмкүндүк берет.

Методдордун практикалык мааниси. Колдонулган методдор дүйнөлүк адабияттын тарбиялык мазмуну аркылуу студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда өзүнүн натыйжалуулугун көрсөттү. Мисалы, Ф.М. Достоевскийдин “Кылмыш жана жаза” чыгармасынын негизинде түзүлгөн адептик кырдаалдар студенттерди терең ой жүгүртүүгө, моралдык тандоо жасоого жана инсандын ички дүйнөсүн талдоого үйрөтөт. Ошондой эле эссе жазуу, ролдоштуруу жана драматизация, портфолио түзүү методдору студенттердин өз оюн так жана жүйөөлүү билдирүүгө, чыгармадагы каармандардын инсандык сапаттарын талдоого, жана өзүнүн руханий өсүшүн байкоого көмөктөшөт. Изилдөөдө колдонулган усулдардын интеграциясы келечектеги мугалимдердин профессионалдык жана адеп-ахлактык өнүгүүсүнө багытталган системалуу мамилени камсыздайт.
Болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун методологиялык негиздери. Бүгүнкү күндө билим берүү системасында болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу артыкчылыктуу маселе катары каралууда. Адеп-ахлактык калыптандыруу процесси комплекстүү, тарбиялык жана дидактикалык мүнөзгө ээ. Ал студенттин инсандык өнүгүүсүнө, кесиптик өзүн-өзү аныктоосуна, ишенимдик жана жоопкерчилик деңгээлине тикелей байланыштуу. Айрыкча, дүйнөлүк адабият чыгармаларында камтылган нравалык-этикалык ойлор жана руханий универсалдуу баалуулуктар негизги методологиялык тирек болуп саналат. Изилдөөнүн методологиялык негизи катары системалуулук, тарбиянын инсанга багытталуусу, интеграциялык жана маданияттар аралык ыкмалар, ошондой эле гуманисттик багыттагы подходдор колдонулат. Аларды өнүктүрүүдө өз алдынча ой жүгүртүү, чыгармачылык жана маданий талдоо жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү өзгөчө орунду ээлейт. Изилдөөдө колдонулган методдор — байкоо, анкеталоо, интервью,  педагогикалык эксперимент, мазмундук талдоо — студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын аныктоодо жана өнүктүрүүдө так маалымат алууга мүмкүндүк берди. Айрыкча, эксперименталдык-тажрыйбалык иштерде түзүлгөн атайын курс,чыгармачыл кейстер, тесттер жана санариптик куралдар өз натыйжалуулугун көрсөттү. Алар аркылуу студенттердин ойлорун аргументтүү айтууга, этикалык маселелерди чечүү жөндөмүнө жана өз жүрүм-турумун рефлексиялоого үйрөтүү мүмкүн болду.
Демек, болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу комплекстүү илимий-методологиялык мамилени талап кылат. Бул багыттагы иштер философиялык, психологиялык, педагогикалык жана маданий-тарыхый негиздерди камтышы зарыл. Изилдөөнүн натыйжалары практикага багытталган инновациялык моделдерди иштеп чыгууга жана билим берүүнүн сапатын жогорулатууга өбөлгө болору шексиз.
Үчүнчү бөлүм “Болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун тажрыйбалык-эксперименталдык иши”
Бул бөлүмдо тажрыйбалык-эксперименталдык иштин мазмуну, уюштурулушу жана жыйынтыктары баяндалат. Эксперименттик иш аракеттери алдын ала, негизги жана контролдук этаптардан туруп, ар бир этабында белгиленген максаттарга ылайык методдор, куралдар жана мазмундук материалдар колдонулду. Изилдөөнүн жүрүшүндө атайын түзүлгөн курстар, чыгармачыл кейс тапшырмалар, тесттик топтомдор жана дүйнөлүк адабият чыгармаларынын негизинде адеп-ахлактык түшүнүктөрдү өнүктүрүүгө багытталган сабактар уюштурулду. Эксперименттин жыйынтыгында алынган сандык жана сапаттык маалыматтар талданып, адеп-ахлактык сапаттардын деңгээлинде байкала турган өзгөрүүлөр аныкталды. Бул натыйжалар сунушталган педагогикалык шарттар менен методдордун натыйжалуулугун тастыктап, теориялык моделдин практикалык негиздүүлүгүн далилдеди.
Педагогикалык экспериментти уюштуруунун методикасы изилдөөнүн максаты жана гипотезасы менен тыгыз байланышта түзүлүп, анын илимий негиздүүлүгүн жана практикалык маанисин камсыздоого багытталган. Эксперименттин жүрүшүндө билим берүү процессин гумандуу, демократиялуу жана санариптик баалуулуктарга шайкеш

уюштуруу шарттарында болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу мүмкүнчүлүктөрү "Дүйнөлүк адабият" сабагынын мисалында терең изилденди. Экспериментти пландаштырууда жана ишке ашырууда илимий көз караштар менен методологиялык принциптер жетекчиликке алынып, алынган жыйынтыктар комплекстүү талдоо жана салыштырма баалоо аркылуу негизделди.
Эксперименттик ишмердүүлүктүн алкагында белгиленген максатка жетүү үчүн бир катар илимий-практикалык милдеттер так аныкталып, алардын ар бири педагогикалык процессти системалуу негизде уюштурууга багытталды. Студенттердин кесиптик даярдыгы менен адептик сапаттардын өз ара байланышы изилденип, адеп-ахлактык өнүгүүнүн көрсөткүчтөрү такталып, адистикке тийгизген таасири терең талдоого алынды.
Педагогикалык эксперимент “Дүйнөлүк адабият” сабагынын мазмунун жаңычыл ыкмалар менен колдонуу аркылуу болочок мугалимдердин адамгерчилик жана моралдык сапаттарын калыптандырууну негизги багыт катары кабыл алды. Бул максатта атайын иштелип чыккан “Заманбап мугалим жана анын адеп-ахлактык сапаттары” аттуу окуу курсу түзүлүп, ал 8 лекция жана 12 практикалык сабактан турду. Курстун тематикасы гумандуулук, адилеттүүлүк, моралдык дилеммалар жана кесиптик адептүүлүк сыяктуу мазмундук блокторду камтыды. Ар бир тема дүйнөлүк адабияттагы көркөм образдар жана сюжеттер аркылуу студенттерде адамдын ички дүйнөсүн таанып-билүү, моралдык баалуулуктарды ажырата билүү жана педагогикалык кырдаалдарда этикалык чечим кабыл алуу жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган.
Мындай мазмундук жана методикалык ыкмалар болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын комплекстүү калыптандырууга өбөлгө түзөт. Атап айтканда, студенттердин гумандуулук, патриоттулук, социалдык жоопкерчилик, ак ниеттүүлүк, адилеттүүлүк, чынчылдык, толеранттуулук, этностор аралык ынтымак сыяктуу сапаттарын өнүктүрүү максатында адабий чыгармалар менен иштөө тереңдетилген деңгээлде уюштурулду.
Натыйжада, эксперименталдык окутуу аркылуу студенттердин адеп-ахлактык түшүнүгүнүн тереңдешине, өз кесибине болгон мамилесинин аң-сезимдүү жана жоопкерчиликтүү калыптанышына, ошондой эле педагогикалык практикага моралдык принциптердин негизинде мамиле жасоо жөндөмүнүн өнүгүшүнө жетишилди. Бул изилдөөнүн жыйынтыгында сунушталган усулдар жана тематикалар кесиптик колледждеги адеп-ахлактык билим берүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууда маанилүү роль ойнойт.
Практикалык сабактар студенттердин теориялык билимин практикага колдонууга жана болочок кесибиндеги ишмердүүлүктө адеп-ахлактык баалуулуктарга ээ болуу үчүн чыгармачылык ишке багытталган. Бул системалуу билим берүү процесси студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын натыйжалуу өнүктүрүүгө шарт түзөт. Эксперименталдык изилдөөлөр орто кесиптик билим берүү мекемелеринде жана студенттердин өз алдынча тандоосу менен жүргүзүлгөн. Методиканын натыйжалуулугун баалоо үчүн студенттердин өз алдынча иштери, темалык жана жыйынтыктоочу тесттер, экспресс-сурамжылоолор уюштурулган. Бул изилдөөлөр адеп-ахлактык сапаттарды "Дүйнөлүк адабият" сабагы аркылуу калыптандыруу процессин көп тараптуу талдоого мүмкүнчүлүк берген.
Эксперименттик методика төмөнкү багыттар боюнча студенттердин өнүгүүсүн камсыздады:
Интеллектуалдык жана эмоционалдык сфераны өнүктүрүү;
Адеп-ахлактык ой жүгүртүүнү, көңүл буруууну жана адистикке байланыштуу көндүмдөрдү калыптандыруу;
Мотивациялык сапаттарды, таанып-билүү муктаждыктарын арттыруу;
Эрктик сапаттарды – максатка умтулуу, өзүнө ишенүү, жоопкерчилик ж.б.
Мындан тышкары, болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу үчүн “Адабиятты санариптештирип окутуу курсу” аттуу кошумча окуу куралы иштелип чыккан. Анын максаты – гуманизм, патриоттуулук, адилеттүүлүк, чынчылдык, толеранттуулук жана башка сапаттарды калыптандыруу. Санариптик куралдар –

электрондук окуу китептери, интерактивдүү такталар жана компьютерлер – окуу материалдарын көрсөтмөлүү, кызыктуу жана жеткиликтүү кылууга шарт түздү. Курстун мазмунундагы санарип платформалар чыгармачылык жана критикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө өбөлгө болду (Тиркеме 3).

Ошондой эле, атайын компьютердик тесттер (Тиркеме 4) жана чыгармачыл кейс тапшырмалар (Тиркеме 5) иштелип чыккан. Бул педагогикалык шарттар студенттердин кесиптик маанидеги адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууга өбөлгө түздү.

2021–2022-жылдары студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын баалоо максатында диагностикалык изилдөө жүргүзүлдү. Бул изилдөө алардын адеп-ахлактык баалуулуктарды кабыл алуу деңгээлин, түшүнүктөрдү өздөштүрүү жана практикага колдонуу жөндөмдөрүн баалоого багытталган.

Теориялык моделдин негизинде (1.3-параграф) эксперименттик иштер уюштурулуп, алынган натыйжалар талданды. 2022–2023-жылдары талкуулар, анкеталар, тегерек столдор аркылуу алынган натыйжалар бааланып, практикалык сунуштар иштелип чыкты. 2023–2024-жылдары моделдин компоненттери сыноодон өткөрүлүп, методикалык сунуштар өркүндөтүлдү.

Жыйынтыгында, эксперименттик программа “Дүйнөлүк адабият” сабагы аркылуу студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын ийгиликтүү калыптандырууга мүмкүнчүлүк бергенин көрсөттү. Окуу материалдары, тесттер, санариптик жана интерактивдүү куралдар окутуу процессинин натыйжалуулугун арттырды. Ошондуктан, педагогикалык багыттагы студенттер үчүн салттуу эмес окутуу технологияларын колдонуу адеп-ахлактык сапаттарды калыптандырууда натыйжалуу болуп эсептелет.

2022–2024-окуу жылдары аралыгында жүргүзүлгөн калыптандыруучу эксперименттин негизги максаты – кесиптик колледждерде билим алган болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын “Дүйнөлүк адабият” сабагынын негизинде калыптандыруу боюнча иштелип чыккан атайын программаны апробациялоо жана анын натыйжалуулугун баалоо болгон. Үч жылдык эксперименттик программа учурдагы билим берүү мейкиндигин гуманизациялоо, демократиялаштыруу жана санариптештирүү идеяларына таянып, студенттердин адеп-ахлактык деңгээлин өркүндөтүүгө багытталган. Программа алкагында бир катар маанилүү милдеттер белгиленип, алардын ичинде диагностикалык методикаларды иштеп чыгуу, адеп-ахлактык сапаттарды калыптандыруучу модель компоненттерин талдоо, салттуу жана инновациялык технологиялардын натыйжалуулугун салыштыруу, ошондой эле студенттердин өз алдынча адептик билимге жетүүсүнө шарт түзүү иштери каралган. Педагогикалык эксперимент үч этаптан туруп, ар бир этабы өзүнүн илимий-методикалык мазмуну жана максаттуу багыты менен айырмаланды. Эксперимент жыйынтыгында алынган натыйжалар системалаштырылып, болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда дүйнөлүк адабият сабагын колдонуу боюнча сунуштар иштелип чыкты.

Эксперименттин биринчи этабы – абалды аныктоочу баскыч катары 2021–2022-окуу жылында жүргүзүлүп, анын негизги максаты кесиптик колледждерде “Дүйнөлүк адабият” сабагы аркылуу болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу абалын иликтөө болгон. Бул этапта “Дүйнөлүк адабият” курсу боюнча колдонулуп жаткан жумушчу программалар, окуу куралдары жана методикалык колдонмолор терең талдоодон өткөрүлүп, алардын мазмуну жана адеп-ахлактык багыттагы мүмкүнчүлүктөрү иликтенди. Изилдөө И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин гуманитардык колледжинде, Кыргыз улуттук университетинин кесиптик колледжинин жана Эл аралык Кувейт университетинин орто кесиптик билим берүү бөлүмүндө окутулган студенттердин, мугалимдердин жана адистердин катышуусунда уюштурулуп, жалпысы 210 студент, 70 мугалим жана 52 адис тартылган. Методологиялык жактан маектешүү, анкеталоо, байкоо жүргүзүү, көзөмөл иштерин алуу жана тестирлөө сыяктуу ыкмалар колдонулуп, алардын жыйынтыгы студенттердин адеп-ахлактык түшүнүктөрүн, баалуулук багыттарынын жана дүйнөлүк адабиятты өздөштүрүү деңгээлинин азыркы

абалын аныктоого мүмкүндүк берди. Анкеталык сурамжылоо аркылуу мугалимдердин, студенттердин жана ата-энелердин пикири эске алынып, билим берүү чөйрөсүндө маалыматтык технологиялар менен камсыздоо, методикалык камсыз болуу жана педагогикалык шарттардын деңгээли да комплекстүү түрдө талданды.
Бул тестти эң негизги эксперименталдык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары менен байланыштуу көптөгөн маалыматтарды камтыйт, анын ичинде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу үчүн дүйнөлүк адабият сабагынын орду жана анын педагогикалык мааниси. Бул маалыматтардан төмөнкү негизги ой-пикирлерди ажырата алабыз:
Дүйнөлүк адабият сабагынын ролу: Анкеталарда жана эксперименталдык сурамжылоолордо студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда дүйнөлүк адабият сабагынын орду чоң экендиги белгиленген. Бул сабак адеп-ахлактык баалуулуктарды, адамгерчилик сапаттарын, адам укуктарын жана моралдык дилеммаларды талкуулоо үчүн жакшы платформа болушу мүмкүн.
Педагогикалык процесс: Студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу үчүн сабактардын интерактивдүү жана чыгармачыл түрдө уюштурулушу маанилүү. Талкуулар, адабий тексттерди терең изилдөө жана анын адамдык баалуулуктар менен байланышы адеп-ахлактык сапаттарды калыптандырууда жардам берет.
Технологиялардын ролу: Компьютердик жана интернет ресурстарын колдонуу педагогикалык процесстердин сапатын жакшыртуу үчүн маанилүү. Бирок, ал куралдар адекваттуу колдонулбаса, студенттердин практикалык ишмердүүлүгү жана дүйнөлүк адабият сабагына болгон кызыгуусу төмөндөшү мүмкүн.
Жыйынтыктар жана сунуштар: Эксперименттин жыйынтыгы боюнча көпчүлүк студенттердин адеп-ахлактык сапаттары орто деңгээлде экендиги белгиленген. Жыйынтыктарга таянып, педагогикалык процессте жаңы методдорду, анын ичинде топтук иш-аракеттерди жана чыгармачылык тапшырмаларды көбөйтүү сунушталган.
Бул изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууга багытталган дүйнөлүк адабият сабагынын маңызын жана ал боюнча жүргүзүлүүчү иш-чараларды жакшыртууга багытталган конкреттүү сунуштар сунушталууда.
Аталган эксперименталдык программаны колдонуу менен изденүүчү эксперимент Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин, И. Арабаев атындагы мамлекеттик университетинин, Эл аралык Кувейт университетинин колледждеринде педагогика багытында окуган студенттерге жүргүзүлдү.
Таблица 1. Экспериментке катышкан студенттердин саны (2021-2024 ж.ж.)

| ЖОЖ колледждердин аталышы | 2021/22 | 2022/23 | 2023/24 | Жалпы |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз улуттук университетинин колледжи | 17 | 29 | 34 | 80 |
| Арабаев атындагы мамлекеттик университетинин колледжи | 21 | 26 | 30 | 77 |
| Эл аралык Кувейт университетинин колледжи | 14 | 29 | 31 | 74 |
| Жалпы | 52 | 84 | 95 | 231 |

Бул таблицада 2021/22, 2022/23 жана 2023/24 окуу жылдары боюнча студенттердин саны көрсөтүлгөн, ошондой эле ар бир университеттин колледждериндеги жалпы студенттердин саны келтирилген.
Студенттердин окуу материалын өздөштүрүү коэффициенти:
Эксперименттин эффективдүүлүгүн баалоо үчүн А.В. Усова жана Э.М. Мамбетакунов тарабынан сунушталган статистикалык критерий колдонулду:
K=1nN∑i=1ni·  niK = \frac{1}{nN} \sum_{i=1}^{n} i \cdot n_iK=nN1i=1∑ni·  ni
Мында:
KKK — өздөштүрүү коэффициенти,

nnn — деңгээлдердин саны (үч деңгээл: төмөн, орто, жетиштүү, т.а. n=3n = 3n=3),
NNN — жалпы студенттердин саны,
nin_ini — iii-чи ( i=1,2,3i = 1, 2, 3i=1,2,3) деңгээлге ээ болгон студенттердин саны.
1-курста өткөрүлгөн сабактардын эффективдүүлүгүн аныктоо үчүн экспериментке чейинки жана эксперименттен кийинки жыйынтыктар алынган, андан соң өздөштүрүү коэффициенттери эсептелген.
2021/22 окуу жылындагы баштапкы этаптагы натыйжалар:

| Убактысы | Студенттер | Студенттердин деңгээли | Төмөн (сан, %) | Орто (сан, %) | Жогору (сан, %) |
|---|---|---|---|---|---|
| Экспериментке чейинки | 52 | | 32 (61,2%) | 18 (30,6%) | 2 (8,2%) |
| Эксперименттен кийинки | 52 | | 22 (42,4%) | 23 (44,7%) | 7 (12,9%) |

Экспериментке чейинки жана эксперименттен кийинки жыйынтыктарга ылайык, окуу материалын өздөштүрүү коэффициенттери эсептелди:
Бул эсептөөлөр эксперименттин натыйжаларын көрсөтөт, анда өздөштүрүү коэффициенти экспериментке чейинки 0,49 болсо, эксперименттен кийинки 0,57 болуп, студенттердин окуу материалын өздөштүрүү деңгээлинин жакшырышын көрсөтөт.
2021/22 окуу жылындагы баштапкы этаптагы натыйжалар:

| Убактысы | Студенттер | Студенттердин деңгээли | Төмөн (сан, %) | Орто (сан, %) | Жогору (сан, %) |
|---|---|---|---|---|---|
| Экспериментке чейинки | | | 32 (61,2%) | 18 (30,6%) | 2 (8,2%) |
| Эксперименттен кийинки | | | 22 (42,4%) | 23 (44,7%) | 7 (12,9%) |

$$K_{Экспчейин} = \frac{1 \cdot 32 + 2 \cdot 17 + 3 \cdot 3}{3 \cdot 52} = 0{,}49$$

$$K_{Экспкийин} = \frac{1 \cdot 22 + 2 \cdot 23 + 3 \cdot 7}{3 \cdot 52} = 0{,}57$$





Таблица жана гистограммадагы маалыматтарга ылайык, кесиптик колледжде 1-курстун студенттеринин билим деңгээли жогорулоого жетишкендиги байкалган, ал эми 2022–2023-окуу жылында 2-курста сабактар атайын программа боюнча улантылып, болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу максатында сурамжылоо, маектешүү, практикалык тапшырмалар жана дүйнөлүк адабият сабагынын алкагында иш жүзүндөгү талдоолор жүргүзүлгөн.

2022/23 окуу жылындагы алынган натыйжалары

| Убактысы | Студет тердин саны | Студенттердин деңгээли | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | төмон | | орто | | жогору | |
| | | сан | % | сан | % | сан | % |
| Эксп чейин | 84 | 40 | 48,2 | 34 | 40,1 | 10 | 11,7 |
| Эксп кийин | 84 | 30 | 35,8 | 39 | 46,0 | 15 | 18,2 |

Таблицанын негизинде түзүлгөн диаграмма





3.2-сүрөт. 2022/23 окуу жылындагы 2-курсунун студенттеринин натыйжалары.

2023/24 окуу жылындагы алынган натыйжалары

| Убактысы | Студенттердин саны | студенттердин деңгээли | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | төмөн | | орто | | жогору | |
| | | сан | % | сан | % | сан | % |
| Эксп чейин | 95 | 39 | 41,2 | 38 | 40,0 | 18 | 18,9 |
| Эксп кийин | 95 | 27 | 28,2 | 45 | 47,1 | 23 | 24,7 |

Таблицанын негизинде түзүлгөн диаграмма:



3.3-сүрөт. 2023/24 окуу жылындагы 3-курстун студенттеринин натыйжалары.

Педагогикалык эксперименттин ар жылдагы жыйынтыктарынын негизинде түзүлгөн таблицалар жана диаграммалар студенттердин билим деңгээлинин туруктуу өсүшүн айкын көрсөтүүдө. Бул көрүнүш дүйнөлүк адабият сабагынын негизинде жүргүзүлгөн окутуу ишмердүүлүгүнүн таасирдүүлүгүн далилдеп турат. Алынган жыйынтыктар кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу процессинин натыйжалуу жүргөндүгүн тастыктайт. Ошентип, иштелип чыккан методикалык ыкмалар жана мазмундук багыттар студенттердин адеп-ахлактык өнүгүүсүнө олуттуу түрдө оң таасирин тийгизгендиги байкалат.
Эксперименттин жыйынтыгында бир нече маанилүү сапаттык өзгөрүүлөр байкалды. Биринчиден, студенттердин адеп-ахлактык түшүнүктөрү боюнча теориялык билимдери тереңдеп, аларда профессионалдык-педагогикалык көз караштар калыптанды. Дүйнөлүк адабият сабагында анализделген көркөм чыгармалардын негизинде адеп-ахлактык баалуулуктарды таанып билүү, түшүнүү жана салыштыруу көндүмдөрү өнүккөн. Экинчиден, студенттер практикалык тапшырмалар аркылуу адеп-ахлактык маселелерди чечүүдө иш жүзүндө тажрыйба топтоп, өз алдынча сабак өткөрүү, талкуу уюштуруу жана алган билимдерин педагогикалык контексте колдонууга үйрөнүштү. Үчүнчүдөн, алардын критикалык ой жүгүртүүсү жана аналитикалык мамилеси өркүндөлүп, маалыматты талдоого жана аргументтүү чечим кабыл алууга болгон жөндөмдүүлүгү жогорулаган. Мындан сырткары, студенттердин кесиптик ишмердүүлүккө байланыштуу адеп-ахлактык сапаттары да активдүү өнүгүүгө жетишти. Алар педагогикалык процессте этикалык нормаларды сактоону, эффективдүү коммуникация жүргүзүүнү, ошондой эле моралдык жана адеп-ахлактык принциптерди практикалык ишке интеграциялоону үйрөнүштү. Эксперименталдык топтун студенттери конструктивдүү жана чыгармачыл чечим кабыл алуу, адептүүлүк, адилеттүүлүк, абийирдүүлүк сыяктуу баалуулуктарга негизделген жүрүм-турум маданиятын көрсөтө алышты. Алар адеп-ахлактык багыттагы окуу материалдарын тандоо, мазмунун чыгармачылык менен кайра иштеп чыгуу жана студенттердин руханий-моралдык өнүгүүсүнө багытталган педагогикалык чечимдерди кабыл алуу жөндөмдөрүн калыптандырышты. Жалпылап айтканда, эксперимент болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын натыйжалуу калыптандырууга өбөлгө түздү.
Жүргүзүлгөн эксперименттин эффективдүүлүгүн аныктоо үчүн биз А.В.Усова жана Э.М.Мамбетакунов сунушташкан статистикалык критерийди колдондук:

$K = \frac{1}{nN}\sum \mathrm{i} \cdot n_i$ , мында К – өздөштүрүү коэфициенти, n – деңгээлдердин саны (үч деңгээл, б.а. n=3), N – жалпы окуучулардын, ni – i-чи (i=1÷3) деңгээлге ээ болгон окуучулардын саны.

Калыптандыруучу группага өтүлгөн сабактардын эффективдүүлүгүн аныкташ үчүн биз экспериментке чейинки жана эксперименттен кийинки жыйынтыктарды алып, өздөштүрүү коэффициенттерин эсептеп чыктык.

$$К_{Экспчейин} = \frac{1 \cdot 32 + 2 \cdot 18 + 3 \cdot 2}{3 \cdot 52} = 0{,}49$$

$$К_{Экспкийин} = \frac{1 \cdot 22 + 2 \cdot 23 + 3 \cdot 7}{3 \cdot 52} = 0{,}57$$

Эффективдүүлүк коэффициентин эсептөө үчүн биз экөөнүн катышын эсептейбиз:

$$К_{1кур\ Эф} = \frac{К_{Эксп\ кийин}}{К_{Эксп\ чейин}} = \frac{0{,}57}{0{,}49} \approx 1{,}16$$

Катыш бирден чоң болгондуктан, биздин изилдөөбүз эффективдүү натыйжа берди деп эсептөөгө болот.
Ушундай эле жол менен 2-3 тайпанын жыйынтыктары боюнча өздөштүрүү коэффициенттерин эсептедик.
2- тайпа боюнча:

$$К_{Экспчейин} = \frac{1 \cdot 40 + 2 \cdot 34 + 3 \cdot 10}{3 \cdot 84} = 0{,}55$$

$$К_{Экспкийин} = \frac{1 \cdot 30 + 2 \cdot 39 + 3 \cdot 15}{3 \cdot 84} = 0{,}61$$

Эффективдүүлүк коэффициенти:

$$К_{2кур\ Эф} = \frac{К_{Эксп\ кийин}}{К_{Эксп\ чейин}} = \frac{0{,}61}{0{,}55} \approx 1{,}11$$

3-тайпа боюнча:

$$К_{Экспчейин} = \frac{1 \cdot 39 + 2 \cdot 38 + 3 \cdot 18}{3 \cdot 95} = 0{,}59$$

$$К_{Экспкийин} = \frac{1 \cdot 27 + 2 \cdot 45 + 3 \cdot 23}{3 \cdot 95} = 0{,}66$$

Эффективдүүлүк коэффициенти:

$$К_{3кур\ Эф} = \frac{К_{Эксп\ кийин}}{К_{Эксп\ чейин}} = \frac{0{,}59}{0{,}66} \approx 1{,}12$$

Эксперименттин жыйынтыгы боюнча төмөнкүдөй илимий тыянактар чыгарылды:
Эксперименталдык изилдөөгө коюлган максат толук ишке ашырылды. Кесиптик колледжде "Дүйнөлүк адабият" сабагынын негизинде иштелип чыккан атайын программа болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда жогорку натыйжалуулугун көрсөттү. Изилдөө алкагында сунушталган теориялык модель өзүнүн практикалык эффективдүүлүгүн далилдеди.
Эгерде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу максатында кесиптик колледжде тийиштүү педагогикалык шарттар түзүлсө — тактап айтканда, заманбап компьютердик жабдуулар менен камсыздалган окуу кабинеттери уюштурулса, интернет тармагына кеңири жеткиликтүүлүк камсыздалса, практикалык иштердин комплекстери иштелип чыгып, тиешелүү программалык камсыздоолор колдонууга берилсе — анда "Дүйнөлүк адабият" сабагынын негизинде жүргүзүлгөн тарбиялык процесс өзгөчө жогорку деңгээлде ишке ашары аныкталды.
Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү системасында "Дүйнөлүк адабият" сабагынын алкагында болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу боюнча кеңири изилдөө жүргүзүлдү. Бул изилдөөдө студенттердин кесиптик-этикалык компетенцияларын өнүктүрүү жолдору такталып, адабиятты окутуу аркылуу адептик аң-сезимди жана кесиптик этиканы калыптандыруу маселелери талданды. Анын негизинде адеп-ахлактык сапаттарды өнүктүрүүгө багытталган атайын программалык жана методикалык шарттар иштелип чыкты.

Жүргүзүлгөн эксперименталдык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары "Дүйнөлүк адабият" сабагын негиз кылып алган адеп-ахлактык билим берүүнүн процесси илимий жактан негизделген жана жогорку натыйжалуу экендигин көрсөттү. Экспериментке чейинки жана кийинки көрсөткүчтөрдүн статистикалык салыштырылуусу сунушталган методикалык системанын натыйжалуулугун жана колдонулган окутуу куралдарынын ишенимдүүлүгүн тастыктады. Айрыкча, калыптандыруучу экспериментке катышкан студенттерде кесиптик жактан маанилүү адеп-ахлактык сапаттардын калыптанышы, критикалык жана аналитикалык ой жүгүртүү жөндөмдөрүнүн өнүгүшү, маалыматтык-коммуникациялык технологияларды өздөштүрүү деңгээлинин жогорулашы байкалды. Ошондой эле, санариптик каражаттар менен айкалышкан адабият сабагынын мазмуну студенттердин адеп-ахлактык аң-сезимин жана кесиптик этиканы заманбап талаптарга ылайык өнүктүрүүгө өбөлгө болору аныкталды. Натыйжада, болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда "Дүйнөлүк адабият" сабагы негизги тарбиялык ресурс катары маанилүү ролду ойной тургандыгы тастыкталды.

$K = \frac{1}{nN}\sum \mathrm{i} \cdot n_i$ , мында К – өздөштүрүү коэфициенти, n – деңгээлдердин саны (үч деңгээл, б.а. n=3), N – жалпы студенттердин, ni – i-чи (i=1÷3) деңгээлге ээ болгон студенттердин саны.

2022 жылында алынган жыйынтыктардын эффективдүүлүгүн аныкташ үчүн биз экспериментке чейинки жана эксперименттен кийинки жыйынтыктарды алып, өздөштүрүү коэффициенттерин эсептеп чыктык.

$$К_{Экспчейин} = \frac{1 \cdot 32 + 2 \cdot 18 + 3 \cdot 2}{3 \cdot 52} = 0,49$$

$$К_{Экспкийин} = \frac{1 \cdot 22 + 2 \cdot 23 + 3 \cdot 7}{3 \cdot 52} = 0,59$$

Эффективдүүлүк коэффициентин эсептөө үчүн биз экөөнүн катышын эсептейбиз:

$$К_{1кур\ Эф} = \frac{К_{Эксп\ кийин}}{К_{Эксп\ чейин}} = \frac{0,57}{0,49} \approx 1,16$$

Ушундай эле жол менен 2-группанын жыйынтыктары боюнча өздөштүрүү коэффициенттерин эсептедик.

2-тайпа боюнча:

$$К_{Экспчейин} = \frac{1 \cdot 40 + 2 \cdot 34 + 3 \cdot 10}{3 \cdot 84} = 0,55$$

$$К_{Экспкийин} = \frac{1 \cdot 30 + 2 \cdot 39 + 3 \cdot 15}{3 \cdot 84} = 0,61$$

Эффективдүүлүк коэффициенти:

$$К_{2кур\ Эф} = \frac{К_{Эксп\ кийин}}{К_{Эксп\ чейин}} = \frac{0,61}{0,55} \approx 1,11$$

3-тайпа боюнча:

$$К_{Эксп.чейин} = \frac{1 \cdot 39 + 2 \cdot 38 + 3 \cdot 18}{3 \cdot 95} = 0,59$$

$$К_{Эксп.кийин} = \frac{1 \cdot 27 + 2 \cdot 45 + 3 \cdot 23}{3 \cdot 95} = 0,66$$

Эффективдүүлүк коэффициенти:


$$К_{3-кур\ Эф} = \frac{К_{Эксп\ кийин}}{К_{Эксп\ чейин}} = \frac{0,59}{0,66} \approx 1,12$$

Катышуучулардын саны жетишерлик болгондуктан, жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктарын илимий жактан ишенимдүү жана эффективдүү деп эсептөөгө негиз бар.

Эксперименттин аягындагы эксперименталдык жана контролдук топтордогу студенттердин адеп аклактык сапаттарынын калыптандыруу деңгээлдер

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | төмөн | | орточо | | жогорку | |
| | саны | студ | % | студ | % | студ | % |
| К-1 | 25 | 12 | 48% | 8 | 32% | 5 | 20% |
| Э-2 | 25 | 4 | 16% | 8 | 32% | 13 | 52% |

Калыптандыруучу экспериментке катышкан студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу деңгээли ар түрдүү көрсөткүчтөрдө байкалды. Жүргүзүлгөн мониторингдик байкоолор жана тесттик диагностикалардын жыйынтыгы студенттердин бул сапаттары жогорку, орточо жана төмөн деңгээлдерде калыптанганын көрсөттү. Натыйжалар негизинде түзүлгөн диаграмма ар бир деңгээлдин үлүшүн так көрсөтүп, эксперименталдык топто сунушталган методикалык ыкмалардын жана педагогикалык шарттардын натыйжалуулугун визуалдуу далилдейт. Бул маалыматтар болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын максаттуу жана системалуу түрдө өнүктүрүүнүн маанилүүлүгүн дагы бир ирет ырастайт.




Жыйынды табл. П.1.4 – Студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу динамикасы.

| № п/п групп | Көрсөткүчтөр % | | | | | деңгээлдери |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | I кесим-конст. диагностика. | II кесим-атайын курстан кийин | III кесим-Рефлекс-практикум, тренинг, мастер-класс | IVкесим-тест тапшырмалардан кийин | Vкесим-<br><br>Интерактивдүү технологи | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | тардан кийин | | ялардан кийин | |
| контр. | 15,6 | 17, 7 | 19, 0 | 19, 5 | 22, 1 | төмөн |
| 1 эксп. | 16,8 | 20, 6 | 22, 1 | 27, 5 | 29, 8 | жогору |
| 2 эксп. | 13, 9 | 21, 6 | 23, 3 | 28, 6 | 31, 9 | жогору |
| 3 эксп. | 17, 5 | 22, 5 | 24, 7 | 29, 2 | 35,1 | жогору |

Үч жылдык эксперименттик окуу программасынын жыйынтыгы боюнча жүргүзүлгөн изилдөө: эксперименталдык топто алынган көрсөткүчтөр, адеп-ахлактык сапаттардын калыптанышы боюнча, контролдук топко салыштырмалуу кыйла жогору экенин көрсөттү. Студенттердин когнитивдик, мазмундук жана рефлексивдүү-ишмердик компоненттери эксперименталдык топто кыйла жогору болушу, ошондой эле алардын кесиптик ишмердүүлүккө болгон кызыгуусунун өсүшү, практикалык чечимдерди кабыл алуу даярдыгынын жогорулоосу жана көп маданияттуу чөйрөдө өз ара аракеттенүүгө болгон кызыгуунун артуусу эксперименттин жыйынтыктарынан көрүнүп турат. Бул көрсөткүчтөр адеп-ахлактык сапаттардын натыйжалуу калыптанып жаткандыгын жана студенттердин кесиптик даярдыгынын жогорку деңгээлин белгилейт.
Эксперименттин жыйынтыгы менен аталган эксперименталдык топтогу студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу процесси боюнча бир катар илимий негизделген корутундулар чыгарылды. Алсак, дүйнөлүк адабият сабагынын негизинде иштелип чыккан программа болочок мугалимдердин адеп-ахлактык өнүгүүсүнө олуттуу таасир эткендиги аныкталды. Мындан тышкары, адеп-ахлактык сапаттарды калыптандыруу үчүн кесиптик билим берүү уюмдарында заманбап педагогикалык шарттардын түзүлүшү зарылдыгы белгиленди. Жабдуулары заманбап компьютердик класстар, тиешелүү программалык ресурстар жана практикалык тапшырмаларды иштеп чыгуу, бул процессин натыйжалуу ишке ашуусуна өбөлгө түзөрү аныкталды.
Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгы “Дүйнөлүк адабият” сабагынын адеп-ахлактык тарбия берүүдө өзөктүү ролду ойноорун жана бул тарбиялык процессин илимий жактан негизделген натыйжалуу система катары калыптанышына өбөлгө түзөрүн көрсөттү. Түзүлгөн методикалык системанын эффективдүүлүгү статистикалык анализдин негизинде тастыкталды. Ошону менен бирге, изилдөө адеп-ахлактык сапаттарды калыптандыруу боюнча методикалык жана программалык камсыздоолордун актуалдуулугун белгилеп, студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын өркүндөтүү үчүн замандын талабына ылайык окуу программаларынын мазмунун жаңылоонун зарылдыгын көрсөттү

**Изилдөөнүн жалпы жыйынтыктары**
1.Изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча жүргүзүлгөн эксперименттер жана статистикалык талдоолор кесиптик колледждерде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу үчүн эффективдүү педагогикалык шарттарды түзүүнүн маанилүүлүгүн көрсөттү. Эксперименттин жыйынтыктары "Дүйнөлүк адабият" сабагынын алкагында адеп-ахлактык сапаттарды калыптандыруу процесси жогорку деңгээлде ишке ашырылганын ырастады. Бул ишке ашыруу үчүн атайын иштелип чыккан методикалык системалардын, педагогикалык материалдардын жана санариптик ресурстардын натыйжалуу колдонулушу негизги ролду ойнойт. Ошондой эле, эксперименттерден алынган маалыматтар студенттердин адеп-ахлактык аң-сезимин жана кесиптик этиканы өнүктүрүүгө багытталган программалык жана методикалык шарттардын маанилүүлүгүн тастыктады.
2.Натыйжада, адеп-ахлактык сапаттарды калыптандыруу үчүн заманбап жана интеграцияланган билим берүү ыкмаларынын колдонулушу билим берүү процессинин сапатын жогорулатат. Мындан тышкары, эксперименттер студенттердин аналитикалык ой жүгүртүүсүн жана критикалык көз караштарын өнүктүрүүдө программалык

каражаттардын жана санариптик платформалардын маанилүү ролун көрсөттү. Адеп-ахлактык жана кесиптик этиканы калыптандырууда ушул инструменттерди натыйжалуу колдонуу студенттердин коомдук жана кесиптик жоопкерчилигин жогорулатууга өбөлгө түзөт.
3.Ошондой эле, изилдөөнүн жыйынтыктары педагогикалык адистиктеги студенттердин кесиптик-этикалык компетенцияларын өнүктүрүү процесстеринин үзгүлтүксүз жана системалуу түрдө жүргүзүлүшүнүн маанилүүлүгүн белгилейт. Изилдөө көрсөттү, эгерде кесиптик билим берүү мекемелеринде атайын педагогикалык шарттар түзүлсө, болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу процессинде жогорку натыйжаларга жетүүгө болот. Бул өз кезегинде, орто кесиптик билим берүүнүн сапатын жогорулатып, билим берүүнүн бардык деңгээлинде адеп-ахлактык тарбияны өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.
Жыйынтыктап айтканда, "Дүйнөлүк адабият" сабагы болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу үчүн эффективдүү инструмент катары пайдаланылып, педагогикалык билим берүү процессинде өзгөчө мааниге ээ. Бул сабак аркылуу жүргүзүлгөн тарбия берүү иштери студенттердин адеп-ахлактык аң-сезимин жана кесиптик этиканы өнүктүрүүгө чоң салым кошо алат.

## КОРУТУНДУ

Болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу боюнча жүргүзүлгөн илимий-методикалык изилдөө төмөндөгүдөй жалпы корутундуларды чыгарууга мүмкүндүк берди:
Кыргыз Республикасынын орто кесиптик окуу жайларында болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун теориялык жана практикалык абалы изилденди. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн бекитилген токтому( 2021жыл. 19 янв. УП № 1."Инсанды руханий-адептик жактан өнүктүрүү жана дене тарбиясы", Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү 2021-2025 -жылдар )КР Президентинин жарлыгы изилдөөдөгү негизги багыт берүү стратегиялык документтер катары каралды. XXI кылымдагы динамикалык өзгөрүүлөргө байланыштуу билим берүү системасынын гумандаштыруу, демократиялаштыруу, санариптештирип окутуу проблемаларынын негизинде болочок мугалимдерди сапаттуу даярдоодо алардын адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу -актуалдуу проблема катары каралууда.
2.Изилдөөлөрдүн негизинде кесиптик колледждерде студенттердин болочок мугалим катары адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу максатында теоретикалык модел иштелип чыкты. Аталган модель өзүнө үч компонентти камтыйт: когнитивдүү компонентти, мазмундуулук компонентти, рефлексивдик ишмердүүлүк компонентти. Моделде сунушталган компоненттердин негизинде ойлонгон экспериментке жараша студенттердин болочок мугалим катары адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырылган деңгээлин үйрөнүү максатында критерийлер жана көрсөткүчтөр негизделди.
3. Биздин изилдөөдө педагогикалык шарттар белгиленип анын негизинде болочок мугалимдерди орто кесиптик окуу жайындагы окутуу процессинде “Дүйнөлүк адабият”сабагынын мисалында студенттердин болочок мугалим катары адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун натыйжалуулугун камсыз кылуу максатында “Заманбап мугалим анын адеп-аклактык сапаттары” атайын окуу курсу иштелди, андан тышкары атайын компьютер аркылуу иштей турган тесттер, “Чыгармачыл тапшырмалардын Кейси” иштелип чыгарылды. Болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын “Дүйнөлүк адабият” сабыгынын мисалында калыптандыруу үчүн “Адабиятты санариптештирип окутуу курсу” аттуу кошумча окуу куралы чыкты. Андан тышкары санариптештирип окутуу тенденциясы эсепке алынып жаңы санариптик окутуу технологиялары Kahoot и Quizzes кеңири колдонулду
4.Болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда методиканын натыйжалуулугун текшерүү педагогикалык эксперимент үч этапта өттү. Абалды констатациялоочу экспериментте студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын

калыптандыруу зарыл экендиги аныкталды. Калыптандыруучу этапта педагогикалык шарттарды камсыз кылуучу технологиялар киргизилди. Эксперименттин акыркы этабында болочок мугалимдердин гумандуулук, патриоттулук, ак ниеттүүлүк, жоопкерчилик, өз элинин жана башка элдердин каада салтын колдоо, адилеттүүлүк, чынчылдык, мээримдүүлүк, башка элдерге карата достук сезими аттуу сапаттарынын калыптануу деңгээли жогорулашы далилденди.

Практикалык сунуштар.

1.Практикалык сунуштардын негизинде, болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу үчүн "Дүйнөлүк адабият" сабагынын педагогикалык шарттары жана окутуу методдору заманбап билим берүү технологиялары менен интеграцияланышы керек. Бул үчүн, адеп-ахлактык тарбиянын мазмунун жаңы педагогикалык жана санариптик куралдар менен өркүндөтүү сунушталат. Мисалы, адеп-ахлактык маселелерди талкуулоодо санариптик платформаларды жана интерактивдүү каражаттарды колдонуу студенттердин кызыгуусун арттырып, теория менен практиканы байланыштыруу үчүн жакшы мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. Мындан тышкары, адабий чыгармалардын негизинде студенттерди этикалык дилеммаларды чечүүгө жана чыгармачылык менен мамиле кылууга шыктандыруучу практикалык тапшырмалар иштелип чыгышы керек.

2. Алдын ала даярдык көргөн жана көз карандысыз ой жүгүртүү менен чечим кабыл алуу жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган методикалык материалдар түзүлүп, дүйнөлүк адабият сабагынын мазмунун тереңдетүү керек. Бул процесс адеп-ахлактык баалуулуктарды толук кандуу үйрөтүүгө шарт түзөт. Окутуунун процесси теориялык билим менен практикалык көндүмдөрдү айкалыштырып, педагогикалык багытта окуган студенттерге өзүнүн адеп-ахлактык мамилелерин анализдеп, конструктивдүү этикалык чечимдерди кабыл алууга мүмкүнчүлүк берет.

3. Мындан тышкары, кесиптик колледждерде болочок мугалимдерди даярдоо процессинде адеп-ахлактык тарбияны туруктуу жана үзгүлтүксүз түрдө өркүндөтүү үчүн, окутуу программаларына жана методикалык материалдарга жөндөө жүргүзүү керек. Ар бир окуу курсу үчүн адеп-ахлактык компетенцияларды өнүктүрүүгө багытталган атайын блокторду киргизүү жана санариптик ресурстарды иштеп чыгуу талап кылынат. Ошондой эле, педагогикалык адистиктеги студенттерге үзгүлтүксүз рефлексиялык иштерди сунуштап, алардын ой жүгүртүүсүн жана этикалык көз караштарын кеңейтүү маанилүү. Бул өз кезегинде, алардын келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүнө жагымдуу таасир этет.

Изилдөөнүн натыйжалары төмөнкү эмгектерде чагылдырылган

**1.Курманалиева, Р.А.** Содержательные аспекты формирования профессионально-нравственной позиции будущего педагога в образовательном пространстве вуза[Текст] Р.А.Курманалиева // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. Специальный выпуск.(S), Бишкек-Анкара. 2021, - С.158-163.

**2.Курманалиева, Р.А.** Формирование профессионально-нравственной позиции будущего педагога в условиях компетентностного подхода в образовании [Текст] Р.А.Курманалиева //https://apni.ru/article/2295. 2021.

**3. Курманалиева,** Р.А. Формирование нравственности и эстетического вкуса студентов на занятиях литературы [Текст] Р.А.Курманалиева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, 2022, № 8, - С.171-173.

**4. Курманалиева, Р.А.** Понятие нравственности на занятиях мировой литературы [Текст] Р.А.Курманалиева // Известия КГТУ им.И.Раззакова. 2023. № 4 (68), С.1872-1875

**5. Курманалиева, Р.А.** Адеп-ахлакка санариптик технологиялардын тийгизген таасири [Текст] Р.А. Курманалиева // Известия вузов Кыргызстана. 2024. № 4.-253-257 беттер

**6. Курманалиева, Р.А.** Санарип технологияларды колдонуп, болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу(дүйнөлүк адабияттын мисалында). Окуу-методикалык колдонмо[Текст] Р.А.Курманалиева. Бишкек, 2025.- 78 б.
**7. Курманалиева, Р.А.** Кесиптик колледжде болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда дүйнөлүк адабият сабагынын ролу [Текст] Р.А.Курманалиева// Известия вузов Кыргызстана 2024. № 10. ?
**8. Курманалиева, Р.А.** Санариптик технологияларга негизделген методдор аркылуу кесиптик колледждерде адабият сабагында руханий-адептик тарбия берүү [Текст] Р.А.Курманалиева// Известия вузов Кыргызстана 2024. № 5. ?

**Курманалиева Рахат Акбалаевнанын «Кесиптик колледжде мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу (дүйнөлүк адабият сабагынын мисалында)» аттуу темадагы 13.00.08 - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертациялык изилдөөсүнүн**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Түйүндүү сөздөр:** калыптануу, болочок мугалим, моралдык сапаттар, кесиптик колледж, дүйнөлүк адабият, педагогикалык шарттар, үлгү, гумандаштыруу жана гумандаштыруу, билим берүү программасы, билим берүүнү санариптештирүү.

**Изилдөөнүн объектиси:** кесиптик колледждердин билим берүү процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** кесиптик колледжде студенттердин адеп-ахлактык сапатарын калыптандыруунун илимий негиздери.

**Изилдөөнүн максаты:** кесиптик колледждин шартында «Дүйнөлүк адабият» курсунун мазмунунун негизинде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу үчүн эффективдүү педагогикалык шарттарды, усулдук системаларды жана санариптик каражаттарды иштеп чыгуу жана практикалык ишке ашыруу.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Кесиптик колледждерде студенттердин болочок мугалим катары адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун теоретикалык негиздерин изилдөө.
2. Заманбап кесиптик колледждердин билим берүү процессиндеги адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун моделин иштеп чыгуу.
3.Болочок кесипкөй адистин адеп-ахлактык сапаттарын дуйнөлүк адабият окуу предметинин мисалында калыптандыруунун дидактикалык жана тарбиялык мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо.
4. Заманбап орто кесиптик мектептин окуучуларынын адеп-ахлактык сапаттарын дүйнөлүк адабият окуу предметинин мисалында калыптандыруунун педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу жана эксперимент аркылуу текшерүү.

**Иликтөөнүн илимий жаңылыгы:** "Дүйнөлүк адабият" предметинин мисалында билим берүүнүн гумандаштыруу, гуманитарлаштыруу, санариптештирүү сыяктуу заманбап тенденцияларын эске алуу менен биринчи жолу болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу проблемасы комплекстүү изилденип, алардын адеп -ахлактык сапаттарын өнүктүрүүгө багытталган теориялык негиздери жана усулдук ыкмалары каралган. Изилдөөнүн жүрүшүндө кесиптик колледждин билим берүү чөйрөсүндө болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун педагогикалык шарттары, мазмуну жана критерийлери аныкталды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** изилдөө натыйжаларынын практикалык мааниси келечектеги мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын өнүктүрүүгө багытталган методикалык жана санариптик ресурстарды иштеп чыгууда. Тактап айтканда, студенттердин болочок мугалим катары адеп-ахлактык сапаттарын өнүктүрүүгө багытталган атайын курстар, чыгармачыл кейстер, компьютердик тесттер, практикалык тапшырмалар «Дүйнөлүк адабият» курсунун мазмунуна интеграцияланган.

## РЕЗЮМЕ

**диссертационного исследования Курманалиевой Рахат Акбалаевны на тему: «Формирование нравственных качеств будущих учителей в профессиональном колледже (на примере мировой литературы)», представленнного на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.08 - теория и методика профессионального образования**


**Ключевые слова:** формирование, будущий учитель, нравственные качества, профессиональный колледж, мировая литература, педагогические условия, модель, гуманизация и гуманитаризация, образовательная программа, цифровизация образования.

**Объект исследования:** образовательный процесс профессиональных колледжей.

**Предмет исследования:** научные основы формирования нравственных качеств студентов профессионального колледжа

**Цель исследования:** разработка и практическая реализация эффективных педагогических условий, методических систем и цифровых инструментов для формирования нравственных качеств будущих учителей на основе содержания курса «Мировая литература» в условиях профессионального колледжа.

**Задачи исследования:**

1. Изучение теоретических основ формирования нравственных качеств студентов как будущих учителей в профессиональных колледжах.
2. Разработка модели формирования нравственных качеств в образовательном процессе современных профессиональных колледжей.
3.Определение дидактических и воспитательных возможностей формирования нравственных качеств будущего профессионала на примере учебного предмета мировая литература.
4. Разработка и экспериментальная проверка педагогических условий формирования нравственных качеств учащихся современных ссузов на примере учебного предмета мировая литература.

**Методы исследования:** теоретический- анализ научно-педагогических источников, педагогический эксперимент, беседа, наблюдение, анкетирование, опрос, анализ данных, тестирование.

**Научная новизна исследования:** впервые комплексно изучена проблема формирования нравственных качеств будущих учителей на примере предмета «Мировая литература» с учетом современных тенденций в образовании, как гуманизация, гуманитаризация, цифровизация образования, предложены теоретические основы и методические подходы, направленные на развитие у них нравственных качеств. В ходе исследования были выявлены педагогические условия, содержание и критерии формирования нравственных качеств будущего учителя в образовательной среде профессионального колледжа.

**Практическая значимость исследования:** практическая значимость результатов исследования заключается в разработке методических и цифровых ресурсов, направленных на формирование нравственных качеств будущих учителей. В частности, в содержание курса «Мировая литература» были интегрированы специальные курсы, творческие кейсы, компьютерные тесты, практические задания, ориентированные на формирование нравственных качеств студентов –будущих учителей.

**SUMMARY**

**of the dissertation research by Rakhat Akbalaevna Kurmanalieva "Formation of moral qualities of future teachers in a vocational college (using world literature as an example)", submitted for the degree of candidate of pedagogical sciences in the specialty 13.00.08 - theory and methods of vocational education on the topic:**

**Keywords: formation, future teacher, moral qualities, vocational college, world literature, pedagogical conditions, model, humanization and humanitarization, educational program, digitalization of education.**

**Key words:** formation, future teacher, moral qualities, professional college, world literature, pedagogical conditions, model, humanization and humanitarization, educational program, digitalization of education.

**Research object:** educational process of professional colleges.

**Subject of the research:** scientific foundations for the formation of moral qualities of students of a professional college

**Objective of the research**: development and practical implementation of effective pedagogical conditions, methodological systems and digital tools for the formation of moral qualities of future teachers based on the content of the course "World Literature" in a professional college.

**Research objectives:**

1. Study of theoretical foundations of formation of moral qualities of students as future teachers in professional colleges.
2. Development of a model of formation of moral qualities in the educational process of modern professional colleges
3. Definition of didactic and educational possibilities for the formation of moral qualities of a future professional using the example of the academic subject world literature.
4. Development and experimental verification of pedagogical conditions for the formation of moral qualities of students of modern secondary specialized educational institutions using the example of the academic subject world literature.

**Research methods:** theoretical analysis of scientific and pedagogical sources, pedagogical experiment, conversation, observation, questionnaire, survey, data analysis, testing.

**Scientific novelty of the study:** for the first time, the problem of the formation of moral qualities of future teachers has been comprehensively studied using the example of the subject "World Literature" taking into account modern trends in education, such as humanization, humanitarization, digitalization of education, theoretical foundations and methodological approaches aimed at developing their moral qualities have been proposed. The study identified pedagogical conditions, content and criteria for the formation of moral qualities of a future teacher in the educational environment of a professional college.

**Practical significance of the study:** the practical significance of the results of the study lies in the development of methodological and digital resources aimed at developing the moral qualities of future teachers. In particular, special courses, creative cases, computer tests, and practical tasks aimed at developing the moral qualities of students – future teachers were integrated into the content of the course “World Literature”.